6. Статьи кыргызстанских журналистов на тему ИГИЛ. режим доступа: https://kloop.kg/blog/tag/231083-1140/
7. Бишкек - 24.kg, «Под миграционную амнистию в России попали более 130 тысяч кыргызстанцев», Жазгуль Масалиева, 03 апреля 2019, Режим доступа: https://24.kg/obschestvo/113719_pod_migratsionnuyu_amnistiyu_vrossii_popali_bolee_130_tyisyach_kyirgyizstantsev/
8. «Программа Правительства Кыргызской Республики по развитию сферы культуры до 2020 года», от 27 октября 2015 года, режим доступа: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/98149
9. «Музыкальный Эркиндик» Режим доступа: https://kaktus.media/doc/389723_bishkekchan_snova_poradyet_myzykalnyy_erkindik._vystypit_i_zere_spisok_artistov.html
10. «Ночь музеев» Режим доступа: https://kaktus.media/doc/391238_noch_myzeev_2019_proydet_vpervye_v_formate_open_air_programma_obnovliaetsia.html
11. Кайрат Молдашев. «Как улучшить научное сотрудничество в Центральной Азии?» 02.05.2019 Режим доступа: https://cabar.asia/ru/kak-uluchshit-nauchnoe-sotrudnichestvo-v-tsentralnoj-azii/
12. Кемелбек Кожомкулов, «Есть ли наука в Кыргызстане», 19.05.2017г, режим доступа: http://slovo.kg/?p=82867
13. «Озвучили зарплаты до и после повышения. Учителя, вы столько получали?» Смотреть комментарии к статье, ответы учителей. https://kaktus.media/doc/399863_ozvychili_zarplaty_do_i_posle_povysheniia._ychitelia_vy_stolko_polychali.html
14. А. Серебряков. 15-я мин. https://www.youtube.com/watch?v=CNJL4GsSrcc

**Рецезент: д.филос.н., профессор Стамова Р.Д.**

УДК: 1 (091) (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-65-69

**Ибраев Мирлан Эрмекович**
КР УИАнын академик А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун кенже илимий кызматкери
**Ибраев Мирлан Эрмекович**
младший научный сотрудник Института философии, права и социально-политических исследований им. А. А. Алтмышбаева НАН КР
**Ibraev Mirlan Ermekovich**
junior researcher at the Institute of philosophy, law and socio-political researches named after A. A. Altymyshbaev in NAS of the KR
**e - mail:** mirlan.ibraev@gmail.com

# ТҮРКИЯДА ФИЛОСОФИЯ ИЛИМИНИН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ
# СТАНОВЛЕНИЕ И РАЗВИТИЕ ФИЛОСОФСКОЙ НАУКИ В ТУРЦИИ
# FORMATION AND DEVELOPMENT OF PHILOSOPHICAL SCIENCE IN TURKEY

**Аннотация:** Макалада Түркияда  философия илиминин калыптанышы жана өнүгүшү тууралуу сөз болот. Ошондой эле Түркиядагы философия илиминин өнүгүшүнө салым кошкон түрк жана батыш окумуштууларынын илимий ишмердүүлүгү белгиленет.

**Негизги сөздөр:** Түркия, мешрутиет, танзимат, сервети-фүнун, дарүл-фунун, Стамбул университети,  философия, логика, эстетика, психология.

**Аннотация:** В статье рассматривается становление и развитие философской науки в Турции. Отмечается также научная деятельность турецких и западных ученых, внесших вклад в развитие философии в Турции.

**Ключевые слова:** Турция, мешрутиет, танзимат, сервети-фунун, дарул-фунун, Стамбульский университет, философия, логика, эстетика, психология.

**Abstract:** The article examines the formation and development of philosophical science in Turkey. The scientific activities of Turkish and Western scientists who have contributed to the development of philosophy in Turkey will also be highlighted.

**Keywords:** Turkey, constitutional monarchy, tanzimat, serveti-funun, darul-funun, Istanbul University, philosophy, logic, aesthetics, psychology.

Түркияда философиянын өнүгүшү бул өлкөнүн географиялык жайгашкан шартына байланыштуу чыгыш элдеринин философиясы менен да, Европа философиясы менен да тыгыз байланышкан. Бирок азыркы Түркия философия илиминин пайда болушуна жана өсүп өнүгүүсүнө Европанын таасири чоң болгон. Мунун алгачкы кадамдарын экинчи мешрутиет мезгилинин баш чендеринде (1908) жарык көргөн “Улуму ичтимайие ве иктисадийе (“коомдук жана экономикалык илимдер”)” деген журналдан жана андан бир канча жыл мурда чыккан “Сервети–Фүнун” журналынын искусствонун философиясына арналган макалаларынан байкоого болот. Булардан мурун жазылган Ахмед Вефик Пашанын (1823-1891) “Хикмет-и Тарих (“тарыхтын философиясы”)” аттуу чыгармасы Түркияда философия илиминин башталышы болгон деп айта коюу бир жактуу болуп калат.

Мешрутиеттен кийин бир тараптан Ваха Тевфик (1884-1914) жана Рыза Тевфик (1869-1949) сымал аалымдардын батыштын философиясына таянган философиялык чыгармалары, экинчи тараптан Шехбендер заде Ахмет Хилминин (1865-1914) суфизмге байланыштуу чыгарган эмгектери Түркиядагы философия илиминин баштапкы өнүгүүсүнө кызмат кылган. Ошондон тартып философиялык проблемалар ар түрдүү гезит- журналдарда чагылдырылып, үзгүлтүксүз чыга баштаган.

Философиянын танзимат мезгилинен кийин билим берүү мекемелеринин окуу программаларына киргизилиши келечекке багытталган үзүрлүү кадам болгон. Өлкөдө жаңылануу мезгилине катарлаш эле философиядан лекцияларды Ахмет Вефик Паша окуган. Бирок дагы кеңири мааниде Дарүл Фүнуну Шахане деген ат менен билим берип баштаган мекемеге караштуу үч мектептин адабият бөлүмүндө Хикмет-и Назарийе (философиянын теориясы) деген ат менен илм-и ахвал-и нефс (психология), мантык (логика), ахлак жана хикмет-и бедайи (эстетика) деген сабактар окутулган. 1908-жылдан кийин Дарүл-Фүнун-у Осман-и университетинде 1915-1916-окуу жылына чейин эле философия сабагы окутулган. Андан кийин философияга берилген маани улам барган сайын өөрчүгөн.

Бул окуу жайга тиешелүү “Дарүл-Фүнун Гуманитардык Факультети Журналы” да философиялык мазмуну жагынан көңүл бураарлык жаңылык болгон. Буга далил катары бул журналда жарыяланган кээ бир макалаларды көрсөтө алабыз. Мисалы; “Искусство жана Метафизика”, “Ибн Синанын жашоосу жана эмгектери”, “Философиянын Тарыхы”, “Эки Түрк

Философу” жана “Жаңы Доордун Философиясы” деген жыйнакта орун алган “Ренессанстагы Пикир Агымдары”,“Он жетинчи жана он сегизинчи кылымдын философиясына жалпы көз караш”, “Декарт”, “Спиноза”, “Лейбниц” сыяктуу макалалар жарыяланып турган. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, бул макалаларда бир канча батыш философторунун өмүр баяндарына, эмгектерине жана көз караштарына көңүл бурулган [1, 264-б.]

Кээ бир изилдөөчүлөр өлкөдөгү философия илиминин өтмүшү тууралуу төмөндөгүдөй көз карашты билдиришкен:“Өлкөдө философиянын жакын өтмүшү батышка жакындай баштаган мезгилде, тактап айтканда, XIX-кылымда башталган” [2, 7-б.]. Чынында эле XIX-кылымдын ортолорунда башталган пикир дүйнөдөгү жаңылануулар улам өөрчүгөн сайын кийинки жүз жылдын ичинде Түркияда философиянын өнүгүүсүнө чоң таасирин тийгизген [3, 70-71-б.].

Экинчи мешрутиеттен кийин сөздүн чыныгы маанисиндеги философиялык изилдөөлөр башталып, философия илиминин тилине өзгөчө көңүл бурула баштаган.

Философиялык ойлом жана анын сапаты жагынан алып караганда экинчи мешрутиеттен кийинки мезгил мурунку убакытка караганда дагы пайдалуу жана жемиштүү болгон. Мунун себеби катары ошол мезгилдеги саясий өзгөрүүлөр жана батыш маданиятынын таасири менен бирге билим берүү мекемелеринде философиянын сабак катары окутула баштошы да негиз болгон деп көрсөтүүгө болот [4, 180-б.].

Бул мезгилден кийин Маариф Незарети (Билим берүү министрлиги) тарабынан бир философиялык сөздүк түзүү үчүн түзүлгөн “Ыслахат-ы Фелсефийе Лүгаты (“философиялык сөздүктү жанылоо”)” деген аталыштагы коом түзүлгөнүн  айрыкча белгилеп өтүшүбүз керек. Бул багытта жасалып жаткан иштер ошол учурдагы философия боюнча мыкты эмгектер болуп эсептелген. Бул эмгектин авторлорунун арасында ошол мезгилдеги философиялык агымдардын өкүлдөрүнүн да болушу өзгөчө мааниге ээ болгон. Мисалы, философиялык терминдерди түзгөндөрдөн, агартуучулар Ахмет Наим Бабанзаде (1872-1934), Махмут Эсад (1856-1918), Ахмет Агаоглу (1869-1939), Рыза Тевфик (1869-1949), Зия Гөкалп (1876-1924), Салих Зеки (1864-1921) (5.276) ж.б. бөлүп көрсөтүүгө болот.

1913-жылы “Философия Журналы” деген ат менен жалгыз гана философиялык мазмундагы журнал чыгарылган. Андан кийин Зия Гөкалп баштаган агартуучулардын эмгектери жарык көрө баштаган. Түркия республика болуп жарыялангандан кийин (1923), бул философиялык изилдөөлөрдүн жандангандыгын жана мыкты философиялык эмгектердин жаралганын  көрүүгө болот.

1933-жылы заманбап Стамбул университетинин түзүлүшү да, өлкөдө ошол мезгилдеги философиялык агымдардын башталышына негиз болгон деп айтууга болот. Анткени, батыштагы философиялык көз караштар университеттик интеллегенцияга өз таасирин тийгизбей койгон эмес. Анын үстүнө, ошол мезгилде Германиядан куугунтук жеген окумуштуулар, Түркияга келип жогорку окуу жайында иштей башташкан.

Стамбул университетинин  табигый илимдер факультетинин математика кафедрасына Рихард фон Мизес (1883-1953), экономика факультетинин социология кафедрасына Герхард Кесслер (1883-1963), экономикалык география жана философия тарыхы профессорунун милдетин аткарууга Александр  Рюстов (1885-1963), эксперименттик психологияга Вильгелм Петерс (1882-1963) дайындалган. Ошол учурда гуманитардык факультетте жаңы түзүлгөн философия кафедрасына, Берлин университетинен  Ганс Рейхенбахтын (1891-1953) келиши, Түркияда философия илиминин өнүгүшүнө жасалган чоң кадам болгон. Кийинчерээк Стамбул университетинин философия бөлүмүнө келишкен Эрнст фон Астер, Вальтер Кранц (1884-

1960), Хайнц Гаймзёт (1886-1975) жана Иоахим Риттер (1903-1974) сыяктуу окумуштуулар да бул багытта натыйжалуу иштерди жасашкан жана философия илиминин ар тармактарга бөлүнүп окутулушуна өз салымдарын кошушкан. Ушул эле окумуштуулар, өзүлөрүнөн кийин философиялык илимий изилдөө иштерин жүргүзө турган жана өнүктүрө турган жаңы муундун өсүп чыгышына да маанилүү роль ойногон.

1936-жылы Стамбул университетинде сабак бере баштаган окумуштуу философ Эрнст фон Астер (1880-1948) да өмүрүнүн аягына чейин Түркияда эмгектенген. Бул окумуштуунун "Илимдин теориясы жана Логика" ошондой эле "Философия тарыхы" деген түрк тилинде жарык көргөн эмгектери бар. "Философия тарыхы" деген эмгеги Түркияда философия илиминин калыптанышына өз таасирин тийгизген десек жаңылышпайбыз.

Түркияга келген окумуштуулардын арасында айрыкча Ганс Рейхенбахтын таасири абдан күчтүү болгон. Бул окумуштуу, окуу жайдагы башка окумуштуулар менен биргеликте табият илимдери коомун негиздеген. Илимдин философиясы боюнча талаш тартышты жараткан көптөгөн конференция жана семинарларды уюштурган. Логикалык эмпиризм жана ыктымалдуулук логикасы боюнча лекция окуган. Илимдин философиясы жана ыктымалдуулук логикасы боюнча окуган лекциялары кээ бир түрк философторуна терең таасир тийгизген.

Илимий түшүнүктүн, илим изилдөөнүн жана ой жүгүртүүнүн негиздери, Ганс Рейхенбахтын, Нусрет Хызыр (1899-1980) тарабынан түрк тилине которулган "Илимдин философиясы" жана "Ыктымалдуулук логикасы" боюнча окуган лекцияларынын негизинде түптөлгөн. Бул жаңы мезгилде, Вена мектебинин өкүлү Ганс Рейхенбах, илимий философия жана математикалык логиканын негизинде баштаган системалуу ой жүгүртүүнүн пайдубалын түптөө менен батышчыл маанидеги философия илими пайда болгон. Андан кийин философиялык ой жүгүртүүнү өркүндөтүп, бекемдеген, билимдин жана ой жүгүртүүнүн баалуулугун сактап, кийинки муундардын
өсүп-өнүгүшүнө негиз түзгөн.

Түркияда ошол жылдары философия үчүн түзүлгөн мына ушундай чөйрөдө Хилми Зия Үлкен (1901-1974) жана Мустафа Шекип Тунч (1886-1958) сыяктуу окумуштуулар мыкты илимий эмгектерди жаратышкан. Хилми Зия Үлкендин, "Түркиеде Чагдаш Дүшүнже Тарихи" (Түркияда заманбап ойлордун тарыхы) аттуу эмгеги азыркы учурда дагы өз актуалдуулугун жогото элек. Ушул эле чөйрөдө Мажит Гөкберк (1908-1993), Халил Вехби Эралп (1907-1994), Нусрет Хызыр (1899-1980) жана Такийеттин Менгүшоглу (1905-1984) сымал Түркиянын алгачкы философ окумуштуулары өсүп чыккан. Түшүнүктүү болгондой, Түркия республика болуп жарыялангандан кийин (1923), батыштан чакырылган илимпоздордун жардамы менен түзүлгөн чөйрөдө пайда болгон философияны, чоң ийгилик катары баалап, ушул чөйрөдө тарбияланып чыккан алгачкы түрк философторун, заманбап Түркия философия илиминин өнүгүшүнө жасалган чоң салым болгон деп эсептесек туура болоор.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Эйүп Бекирйазыжы, Tanzimat'tan Cumhuriyete Osmanlı'da Felsefe Üzerine Bir Değerlendirme (Танзиматтан Республикага чейин Осмон Дөөлөтүндөгү Философия Жөнүндө Бир Анализ). 30 Haziran, 2003. S.264. www.dergipark.org.tr
2. Рахми Каракуш, Felsefe Serüvenimiz (Философиялык окуяларыбыз). –İstanbul: Seyran Yayıncılık, 1995, S.7.
3. Рахми Каракуш, Felsefe Serüvenimiz (Философиялык окуяларыбыз).-

İstanbul: Seyran Yayıncılık, 1995, S.70-71.
4. Рахми Каракуш, Felsefe Serüvenimiz (Философиялык окуяларыбыз).- İstanbul: Seyran Yayıncılık,1995, S.180.
5. Хилми Зия Үлкен, Türkiye'de Çağdaş Düşünce Tarihi.(Түркияда заманбап ойлордун тарыхы),-İstanbul: Ülken Yayınları,1998,S.276.

**Рецензент: филос.и.д., профессор Саралаев Н.**

УДК: 574; 57.01(575.2)(04)
DOI 10.33514/1694-7851-2020-3-69-74

**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**
КР УИАнын Философия институтунун философия илимдеринин доктору
**Карабукаев Кадыркул Шаршеевич**
д.филос.н., Институт Философии НАН КР
**Karabukaev Kadyrkul Sharsheevich**
Doctor of Philosophical Sciences, Institute of Philosophy of the NAS of the KR
**e-mail:** kkarabukaev@gmail.com

# ЭКОЛОГИЯЛЫК КААДА-САЛТТАРДЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТКА ТРАНСФОРМАЦИЯЛАНУУСУ
# ТРАНСФОРМАЦИЯ ЭКОЛОГИЧЕСКИХ ТРАДИЦИЙ В ЭКОЛОГИЧЕСКУЮ КУЛЬТУРУ
# TRANSFORMATION OF ENVIRONMENTAL TRADITIONS IN ENVIRONMENTAL CULTURE

**Аннотация**: Макалада адамдардын табияттык чөйрө менен болгон туруктуу бирдиктүү иш-аракеттеринин салттуу формалары катары экологиялык каада-салттар каралат. Этноэкологиялык каада-салттар табият менен болгон баарлашууну шайкештике багыттап, ага гумандуу мамиле кылууга үйрөтүү менен табияттык чөйрөгө болгон руханий-нравалык мамилени аныктаган экологиялык маданиятка трансформациялануусуна таасирин тийгизет. Андыктан коомдогу экологиялык маданиятты калыптандырууда, анын мазмуну менен формаларын этноэкологиялык каада-салттардын баалуулуктарын эске алуу менен тандап алуу максатка ылайыктуу.

**Негизги сөздөр**: экологиялык баалуулуктар, этноэкологиялык каада-салт, ырааттуулук, өткөрүп берүү, экологиялык маданият.

**Аннотация**: В статье рассматривается экологические традиции, как традиционные формы устойчивого взаимодействия с природной средой. Отмечено, что экологические традиции способствуют накоплению знаний и опыта общения с природной средой, приучают поступать гуманно по отношению к природе. Указано, что при формировании экологической культуры в обществе, ее содержание и формы целесообразно выбирать с учетом ценностей этно-экологических традиций.

**Ключевые слова**: экологические ценности, этноэкологическая традиция, преемственность, трансляция, экологическая культура.